**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ПАНФИЛОВ РАЙОНУ**
**ОРТО АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН**
**ОРТОЕВСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

---

ТОКТОМ | ПОСТАНОВЛЕНИЕ
VIII-чакырылыш | X - сессия
11.03.2023жыл | Тельман айылы

# ТОКТОМ № 52 / VIII – X – 2

«Турак жай салганга жерлерди берүү нормалары жөнүндө»

Панфилов районунун, Орто айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Ж.Момуналиевдин 2023-жылдын 11-мартындагы “Орто айыл аймагында жайгашкан айылдарда турак жай салганга жерлердин нормаларын бекитип берүү жөнүндө” оозеки кайрылуусун карап, СССРдин ГОСКОМАРХИТЕКТУРАсы тарабынан 1990-жылы иштелип чыккан Тельман, Букара жана Кум-Арык айылдарынын генералдык планын эске алып, айылдардын жаңыртылып иштелип жаткан генералдык пландарын макулдашуу максатында жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 06-майындагы №177 “Жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участогун берүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” Токтомунун 5-пунктун аткаруу үчүн, Орто айылдык Кеңеши

**Токтом кылат:**

1. Орто айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Момуналиевдин 2023-жылдын 11-мартындагы “Орто айыл аймагында жайгашкан айылдарда турак жай салганга жерлердин нормаларын бекитип берүү жөнүндө” оозеки кайрылуусу канааттандырылсын.

2. Тельман, Букара жана Кум-Арык айылдарындагы жеке менчикке, турак жай салганга бериле турган жерлердин нормалары 1500,0 чарчы метрден болуп бекитилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Орто айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Момуналиевке жүктөлсүн.

Орто айылдык Кеңешинин төрагасы: К.Мырзагелдиев